ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
УДК:39:398.5 DOI: 10.35803/1694-5298.2020.4.588-592
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**СУЛАЙМАНКУЛОВА М.Б. , ЖУМАШОВА Н.А.**
[1]КГУСТА им.Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика
**[2]** Исык –Кульский государственный университет им. К.Тыныстанова, Каракол, Кыргызская Республика

**SULAIMANKULOVA M.B., JUMASHOVA N.A.**
*[1]KSUCTA n. a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic*
[2] Issyk - Kul State University n. a. K. Tynystanov, Karakol, Kyrgyz Republic
e-mail: Meerimsulaimankulova@mail.ru nazira2101@mail.ru

# “МАНАС» ЭПОСУНДА ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН ТОТЕМДИК БЕЛГИЛЕРДИН БЕРИЛИШИ

# ТОТЕМЫ ЖИВОТНОГО МИРА В ЭПОСЕ “МАНАС

# IMAGE OF ANIMAL TOTEM SYMBOLS THE WORLD IN THE EPIC "MANAS"

*Макалада «Манас» эпосундагы жаныбарлар дүйнөсүн комплекстүү түрдө анализдөө, жиктөө бирден-бир илимий маселелерден экендиги каралды. Анткени эпосто образдар системасынан кийин эле жаныбарлар дүйнөсү да кеңири чагылдырылат. Тотемизм системасын кароодо да анын бир тармагын жаныбарлар ээлейт, кайрылбай коюуга мүмкүн эмес. Жаныбарлардын жеке сүрөттөлүшүнөн сырткары алар ар тараптуу функционалдык касиетке ээ. «Манас» эпосунун башынан аягына чейин эпикалык тилде, ири сюжеттен майда окуяларга чейин, образдар системасында, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, кырдаалдын баяндалышында жаныбардын аттары арбын учурайт.*

*Манасчылар С.Каралаев менен С.Орозбаковдун айтуусундагы “Манас” эпосундагы жаныбарлардын тотемдик белгилерин алып чыгуу жана аларды талдоо маселелерине учкай токтолдук.*

***Өзөк сөздөр:*** *“Манас” эпосу, түш көрүү мотиви, культ, тотем, миф, үрп-адат, образдар системасы, бүркүт, бөрү, Кумайык, арстан, жолборс, кабылан.*

*В статье рассматривается вопрос комплексного анализа животного мира, представленного в эпосе “Манас”, как одна из научных проблем. Наряду с образной системой в эпосе широко представлен разнообразный мир животных. Одну из ветвей тотемизма составляют такие животные, которых обойти невозможно. Даны не только индивидуальные их изображения, выявлены их разносотронние функциональные свойства. Предприята попытка определения и анализа тотемных свойств животных в эпосе “Манас” в вариантах сказителей эпоса С.Каралаева, С.Орозбакова.*

***Ключевые слова:*** *Эпос “Манас”, мотивы сновидения, культ, тотем, миф, обычаи-традиции, система образов, беркут, волк, Кумайык, лев, тигр, пантера.*

*The article discusses the issue of a comprehensive analysis of the animal world, presented in the epic "Manas", as one of the scientific problems. Along with the figurative system in the epic, the diverse world of animals is widely represented. One of the branches of totemism is made up of animals that cannot be avoided. Not only their individual images are given, but also their diverse functional properties are revealed. An attempt is made to define and analyze the totemic properties of animals in the epic "Manas" in the versions of the narrators of the epic S.Karalaev, S.Orozbakov.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

***Key words:*** *Epic "Manas", dream motives, cult, totem, myth, customs-traditions, system of images, golden eagle, wolf, Kumayik, lion, tiger, panther.*

Жаныбарлардын эпикалык чыгармага сүңгүп кирген тарыхы алгачкы коомдон эле башталат. Адамзат жаралгандан тарта эле дүйнөгө көз карашын билдирип алгач тотемдик жана мифтик дүйнөнү жаратканы белгилүү. Ал дүйнө бара-бара өнүгүп социалдык-турмуштун өнүгүүсү менен ар түрдүү формаларды камтый алган. Бирок катмарланган байыркынын изи тарыхта, этнографиялык булактарда жана эң негизгиси элдик оозеки чыгармачылыка түстүү адабий формада сакталып калды.

Тотем түшүнүгү Түндүк Америкалык индеецтериндеги уруунун аталышынан келип чыкканы баарыбызга белгилүү. Алар - тотемдик ишенимди эң көп туткан элдердин бири экендиги маалым. Тотемизм термини да мына ошондон улам келип калыптанганы, тотемизм – айбандардын жана өсүмдүктөрдүн ортосунда касиеттүү тууганчылык байланышы бар деген ишенимге негизделген уруучулук коомдогу диний түшүнүк, миф, үрп-адат, салттардын комплекси болуп эсептелет. Ал эми жаныбардын тотемдик белгиси деп - жаныбарлардын элдик ишеними менен чегерилген жана жаныбардын жаратылыштагы табият-күчүн туюнткан, ал аркылуу адамга байланыш түзүлгөн жогорку күч, сыйкыр же символдук белгини айтсак жаъылышпайбыз. Мындай ойдон улам тотемдик белгилер алгач пайда болуп тотемизм ишениминин өнүгүүсүнө түрткү берип, андан соң диний ишенимдердин жана диндердин адам жашоосуна киргенинен тартып тотемизм калдыктары материалдык маданиятта белгиге жана оозеки чыгармаларда символдорго өткөн деген пикирге келебиз.

Мында “Манас” эпосунда көп учуруган жаныбарлардын тотемдик белгилерин айтууга , кошууга болот. Мында каармандар менен жаныбар ортосундагы руханий байланышты көрө алабыз. Алсак, баатырлардын минген аты менен болгон куттуу байланышты алсак башка архаикалык эпостордогу аттын адамча сүйлөшү же канат байлап көккө учушу сыяктуу көрүнүштөр “Манас” эпосунда көп кездешпейт. Буга түзмө-түз сыйынып аны культ тутуудан алыс турат. Жылкы баласы менен адамдын ортосундагы руханий байланыштын белгилери гана сакталып калган. Культтук, тотемдик, анимистик белгилер эпосто калдык катары гана кездешет. Албетте кыргыз эли Енисей аймагында жашап турганда жылкы культу кыйла сакталып турган. Бирок эпосто жылкы культунун элементтерин айрым жерлерден байкасак көрө алабыз. Алсак, С.Каралаевдин вариантында Манас менен бир убакта Торучаар, ал эми С.Орозбаковдо Ак кула туулат: анимистик байланыш экендигин көрүүгө болот. ошондой эле жакын жүргөн баатырдын аты каарманды жоодо айыктырып дартына даба болгон жерлери бар. Алсак, Алмамбеттин минген аты Сарала С.Орозбаковдун вариантында мээр чөп жеп, аны мингенде Алмамбет өзүнө келе түшөт, бирок бул көрүнүштү деле тотем жаныбар деп дароо айта салуу мүмкүн эмес деп ойлойбуз. Бул тотемизмдин элементин сактап калган белги катары гана алсак болот. Түрк тилдүү элдердин эпикалык булактарында, анын ичинде «Манас» эпосунда оор акыбалда калган каармандарга жана башкалар бардык эле баатырларга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттын образы эң эле кенен айтылат. Аттын куйрук-жалы, көкүлү, эти адамдарга күч-кубат, кайрат берчү касиетке эгедер тумар катары кызмат аткарат. Муну дагы тотемдин бир белгиси катары кароого болот. Албетте, кыргыздардын түшүнүгүндө, көз карашында тотемизм туруктуу түрдө орун алганын, фольклордук чыгармалардан эпос, жомок, санжыра, уламыш өңдүү жанрларында, алардын идеялык-тематикалык мазмунунда чагылганын көрүүгө болот. Эпосто да тотемдик ишенимден белгиге өтүп бара жаткан көз караштардын, образдардын өзүнчө бир катмары жолугат десек болот. Бирок бул өзгөчө эпикалык чыгарманын байыркылыгын, анын өсүп-өнүгүү кырдаалын аныктоого түрткү берет деген ойдобуз.
Мисал катары Манас баатырдын төрөлүшү сюжетинен көрөлү:

*Шер этин таап алсам – деп,*
*Казаныма салсам – деп,*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*Мыктап жатып тойсом – деп,*
*Аңкаганым койсом – деп,*
*Андан кийин өлсөм – деп,*
*Кыямат жүзүн көрсөм – деп,*
*Тилек кылат байбиче /Каралаев, 2010/.*

Мында Чыйырдынын кош бойлуу мезгилинде кабыландын жүрөгүнө талгак болушу да "жаныбар адамды айыктырат", ал эми кийинки сюжеттерде "баланын оңой бала эмес кабыландай болоору", "бала Манастын коргоочусу" сыяктуу белгилерди байкайбыз.

Эпосто Жакып токсон төөнүн буудайын берип, Кытайдын Кочку мергени жолборс атканын жылкычылардан угуп, ошол жолборстун этин алдырат. Чыйырдынын талгагы аны чала бышырып жегенден кийин гана канат деп айтылат.

*«Бүткүл шерди сойгону,*
*Сойгон шердин этине*
*Байбиче мыктап тойгону,*
*Талгагын анан койгону» /Каралаев, 2010/.*

Чындыгында боюнда бар аялдын тигил же бул тамакка талгак болуусу табигый көрүнүштөрдөн. Ал эми күндөлүк турмушта кош бойлуу аялдар кадимки эле жеп жаткан тамак-аштын кээ бир түрлөрүнө талгак болушу шарттуу нерсе. Бирок кабыландын же кыйынчылык менен алынуучу башка жан-жаныбарлардын эттерине, сорпосуна талгак болуу көбүнчө эпикалык чыгармаларда жолугат.

Ошондой эле С. Каралаевдин вариантындагы «Манас» эпосунда түлкү да кытайдын кара күч пири катары сүрөттөлгөн жери бар: куу, митаам, айлакер. Анын Алмамбетти жолдон адаштырганы жана кубулуп турганы менен кара күчкө ээ эгедер жаныбар катары элес берилет. Аны кубалап отуруп акыры Сыргак экөө корумтага алып жеңишке жетишет эмеспи. Алгач түлкү адамча тил билген жандык болуп сүрөттөлөт:

*Карыкандын тагынан*
*Каалап алып келиптир,*
*Кан Эсендин багына*
*Адам тилин үйрөтүп,*
*Баккан экен жашында*
*Кырк кулач кызыл түлкү экен,*
*Айбандан болгон артык сак*
*Эсенканга мүлк экен* /Каралаев, 2010/.

Мында Алмамбет Эсенкандын колун жакшы билгендиктен алгач түлкү жөнүндө мындай дейт:

*Алты айчылык Бээжинге*
*Алты күндүк кабарды*
*Жетип жеке берүүчү*
*Кыпкызыл калтар түлкү бар.*
*Он күндүк жерден жыт билген,*
*Алты күндүк узак жол*
*Алыстан анык көз көргөн,*
*Түлкүсүн кармап биз алсак,*
*Кытайдын малын чачабыз,*
*Түлкүсү бизден кутулса,*
*Дүмөктүү болуп кайтабыз*/Каралаев, 2010/.

Эпосто Сыргакты корумтага койдуруп Алмамбет түлкү жашынган буйткага жаан жаадырып бороон айдатат. Жаны чыдабаган түлкү мейкиндике чыгып берет. Корумдап жаткан Сыргак баран мылтыктын сабы менен бир коюп түлкүнү жеңет.

Ал эми С.Орозбаковдун вариантында Ташкентти бийлеп турган Панус хан тууралуу сөз болуп анын сансыз колу жана короосундагы тири укмуш жаныбарлары сүрөттөлүп келип Атыла жөнүндө айтылган жери бар. Атыла жан-жаныбардын тилин

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

билген сыйкырчы аяр болот. Панус хандын кол алдындагы кызматчысы. Түлкүнү [illegible] туткан Атыла бир күнү Панус хандын буйругу менен Манастын колуна чалгынга келет. Түлкүгө айланып желип-жортуп кыргыздын өргөөсү тигилип турган жайга келет.

*Түлкү болуп Атыла*
*Чыгыптыр Чанач белине,*
*Дагы айтайын өнөрүн*
*Чанач деген жерине* /Орозбаков, 2006/.

Буларга кандай алаамат түшүрсөм деп аяр окуп карды чакырат, ышкыртып жыландарды ойготот. Аны сезип калган Манастын сегиз аяры (Таскыл, Чүкүрүк, Ырдык, Ардалык, Арсанкул, Танабул, Бегүш, Көйүш) туш тарабынан чыгып сыйкырын жандырып кысып киргенде Атыла кайрадан түлкүгө айланат.

*Апсун окуп, силкинип,*
*Түлкү болуп алганы,*
*Төмөн жагы калың чер,*
*Түмөндү көздөй салганы,*
*Тазы болгон Ардалык*
*Артынан кууп калганы* /Орозбаков, 2006/.

Ардалык аркасынан кууп келип түлкү токойго кирип таптырбай кетет. Таскыл шумкарга айланып, калган аярлары токойду өрттөп жок кылганда түлк булт этип качып берет. Шумкар шукшурулуп түлкүнү тээп чала жан кылат. Түлкү кичине чымчыка айланып жар ичине кирип кетет. Жарды уратып түшүргөндө чымчык жыланга айланып жер алдына кирет. Аярлардын бирөө кирпиге айланып жыланды ийининен куйруктан тиштеп суурун чыгат. Ошол кезде Атыланын уулу эшекке айланып издеп келе жаткан болот. Баласы алты аярдын колуна түшүп жарадар болот. Алты аяр мындай деп эскертет: «Баланды аман алып калгың келсе сыйкырлыгыңды бизге пайдаланба, Панус ханга айтып бар Манас баштаган кыргыз колу жакын арада жүрүш жасайт, өзү багынып берсин». Айласы кеткен Атыла жеңилип баласын кармаган бойдон калат. Атыла апсун /Манас сөздүгү, 2015/ окуп түлкүнү чакырат.

*Алты аяр кылды дарыны,*
*Апсун окуп, Атыла*
*Келтирди бала жанына.*
*Кыр ылдый келди бүгүлүп,*
*Узун куйрук, тик кулак*
*Кызыл түлкү жүгүрүп.*
*Оболкунун сөздөрүн*
*Ойлосо келет күлкүсү,*
*Атыланын кашына*
*Оозун ачып окшуду*
*Ошо келген түлкүсү,*
*Ол түлкүнүн оозунан*
*Балыктын чыкты түрпүсү* /Орозбаков, 2006/.

Түлкү сыйкырдын күчү менен белгисиз жерден пайда болуп куткаруучу катары балыкты оозунан бүркүп Атыланын колуна тапшырат:

*Түлкү кайра салганы,*
*Атыланын колунда*
*Түрпү чабак калганы...*/Орозбаков, 2006/

Атыла балыкты балага берип аны тирилтип алган жери бар. Бала тирилгенге чейин Манастын аярлары согушту токтотуп, Атыла жана анын баласына гумандуулук менен мамиле кылышат. Балык да алгачкы коомдо тукум улоону символдоштурган тотем.

Жыйынтыктап айтканда, макалада манасчы С.Каралаев менен С.Орозбаковдун айтуусундагы "Манас" эпосундагы жаныбарлардын көркөм дүйнөсүн кароо менен

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

системалуу анализ жүргүзүү иштери, тотемдик белгилерин алып чыгуу аракеттер каралды.

**Адабияттар тизмеси**


1. Каратаев О.К. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст]: сөздүк. О.К. Каратаев С.Н. Эралиев. - Б.: - Бийиктик, 2005.
2. Манас эпосунун сөздүгү [Текст]. - Б.: 1995.
3. Манас. Орозбак уулу С. варианты боюнча [Текст]: 9 т. / VI-т. // С. Орозбаков – Б.: Шам, 2006.
4. Манас. Орозбак уулу С. варианты боюнча [Текст]: 9 т./ VI-VII-т. // С. Орозбаков – Б.: Турар, 2014.
5. Манас Каралаев С. варианты боюнча[Текст]: эпос / С.Каралаев – Б.: Турар, 2010.